**И. Арабаев атындагы КМУнун илим,**
**эл аралык коммуникациялар жана**
**инновация боюнча проректору,**
**п.и.д., доцент Чалданбаева А. К.**

**10 - июнь 2024-жыл**

**И. Арабаев атындагы КМУнун М. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын 2024-жылдын 6-июнунда өткөрүлгөн (протокол № 9) кеңейтилген отурумунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Төрайым:** Абдалиева Г. К. - Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын башчысы

**Катчы:** Жолдошалиева Н. А. – ага окутуучу

**Катышкандар:**

Абдалиева Г. К. – т.и.к., доцент, (07.00.02), кафедра башчысы;
Абдухамидова Б. – п.и.к., доцент, (13.00.01);
Сейдекулова Г. С. – п.и.к., доцент, (13.00.01);
Жолдошев Н. Ж. т.и.к., ага окутуучу (07.00.02., 07.00.07),
Рахимова Ж. Т. – п.и.к., доцент, (13.00.01);
Новикова С. В. – п.и.к., ага окутуучу (13.00.01);
Жумалиева В. Б. – ага окутуучу;
Абдышүкүрова Г. – ага окутуучу;
Ажыгулова А. Б. – ага окутуучу;
Жолдошалиева Н. А. – ага окутуучу, катчы.

**Чакырылгандар:**

Жоошбекова А. Р. – т.и.д. (07.00.02), профессор, И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстандын тарыхы жана этнологиясы кафедрасынын башчысы;

Омурова Ж. О. – т.и.д. (07.00.02), Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору;

Асекова С.У. – т.и.к. (07.00.02), И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстандын тарыхы жана этнологиясы кафедрасынын доценти;

Омурова Ж. К. – т.и.к. (07.00.02), И. Арабаев атындагы КМУнун жалпы тарых кафедрасынын доценти.

## КҮН ТАРТИБИ:

Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы” деген темадагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо. Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор Абдырахманов Т.А.

**Төрайым:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы ” деген темадагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча диссертация апрель айынын аягында кесиптештерге окууга таратылып берилген. Диссертациянын кол жазмасын кафедранын мүчөлөрү жана адистер окуп, чыгышты. Диссертациялык иш боюнча жалпы маалымат бериш үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Абдиев Ж.С.:** Урматтуу төрайым, урматтуу кесиптештер сиздердин кароонуздарга “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы” деген темадагы диссертациялык иштин кол жазмасы коюлууда.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында XX кылымдын аягында – XXI кылымдын башында терең жана масштабдуу реформалар ишке ашырылганы, алардын айрымдары азыр дагы улантылып жатканы белгилүү. Анын жүрүшүндө республикадагы билим берүүнүн философиясы, максаты жана милдеттери абдан өзгөрдү. Натыйжада, өлкөдөгү билим берүүчү программалардын структурасы, мазмуну алмашып, Мамлекеттик билим стандарттары, окуу пландары, билим берүү программалары түп тамырынан бери модернизацияланды. Билим берүүнүн формасы жана методикасы, технологиялары жана техникалары инновацияланып, билим сапатын көзөмөлдөөнүн жаңы ыкмалары ишке киргизилүүдө. Реформанын жүрүшүндө республиканын билим берүү системасын башкаруу принциптери менен механизмдери өзгөрүп, билим берүү системасын башкаруудагы

экономикалык рычагдардын ролу жогорулады, билим берүү тармактары менен уюмдарынын уюштуруучулук структуралары реконструкцияланды. Постсоветтик трансформациянын шарданы менен билим берүүчү уюмдардын мамлекеттик жана коомдук статустары менен миссиялары, менчиктик формалары менен каржылоо булактары, эл аралык жана өлкө ичиндеги географиялык жайгашуулары өзгөртүлдү. Кыргызстандын билим берүү тармагы демократиялык принциптерге таянган ачык системага айланып, академиялык мобилдүүлүккө, билим алуунун инварианттык, ошонун ичинде диний билим берүү сыктуу түрлөрүнө кеңири жол ачылды.

Постсоветтик Кыргызстандагы мындай кеңири масштабдагы жана революциялык мүнөздөгү реформалардын ишке ашырылышы объективдүү жана субъективдүү факторлор менен байланышкан болчу. Биринчиден, бул реформалар XX-XXI кылымдар аралыгында дүйнөнүн баардык өлкөлөрүнүн билим берүү системаларында орун алган кризистик көрүнүштөргө жана бул абалдан чыгуу үчүн болуп өткөн глобалдык масштабдагы реформаларга байланышкан. Экинчиден, транзиттик Кыргызстандын билим берүү системасын советтик негизден постсоветтик өз алдынчалык нукка трансформациялоо зарылчылыгы менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы өлкөнүн эмгекке жарамдуу калкынын 3,4% же болбосо 102 миң 798 адам эмгектенген мамлекеттин ири тармактарынын бири болуп эсептелинет. Ал эми бул системада билим алган, билим берген жана башка тиешеси бар адамдардын жалпы санын алсак, алар 1,5 миллион кишиге жетип, республиканын калкынын 28-30% түзөт. Кыргызстандын улуттук билим берүү системасынын тармактары боюнча алсак, анын мектепке чейинки билим берүү тармагына республиканын тиешелүү курактагы наристелеринин 13-14,5% тартылса, Жалпы орто билим (мектептик) берүү тармагына олконун тиешелүү курактагы балдарынын 96%, Алгачкы кесиптик билим берүү тармагына тиешелүү курактагы улан-кыздардын 19%, Орто кесиптик билим берүү тармагына тиешелүү курактагы улан-кыздардын 15,2% жана Жогорку

кесиптик билим берүү тармагына тиешелүү курактагылардын 75,3% тартылган.

Өлкө калкынын 31% жаштар болгондуктан, Кыргызстандын билим берүү системасы келечекте мамлекеттин өтө маанилүү тармактарынан болуп, республиканын тагдырын чече турган мүмкүнчүлүгү мындан дагы арта турганы таасын. Анын үстүнө коңшу КМШ өлкөлөрүнө караганда нефть, газ сыяктуу энерго-ресурстары жок болуп , транспорттук туюктукта жайгашкан Кыргызстан үчүн интеллектулдуу адам ресурстарына басым жасоо закон ченемдүү көрүнүш. Белгилүү болгондой, Бириккен улуттар уюмунун адистеринин маалыматы боюнча, азыркы мезгилде дүйнөлүк байлыктын 16% гана материалдык ресурстар, 20% болсо жаратылыш ресурстары, ал эми 64% адамдын интеллектуалдык ресурстары түзөт экен. Муну эске алуу менен XX кылымдын аягында - XXI кылымдын башында дүйнөнүн жана КМШнын башка өлкөлөрүндөй эле Кыргызстан дагы бир топ жылдарга созулган билим берүү багытындагы бир нечелеген реформалык өзгөрүүлөрдү ишке ашырды. Ал реформалар дүйнөлүк жана жергиликтүү маанидеги объективдүү себептер менен байланышкан болчу. Дүйнөлүк маанидеги себептер XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башындагы билим берүү жаатындагы глобалдык кризистик абалдан чыгуу үчүн планетанын баардык өлкөлөрүндө ишке ашырылган билим реформалары менен байланышкан эле. Ал эми жергиликтүү мүнөздөгү себептер болсо, советтик билим берүүнүн жоюлушунан улам өз алдынча болуп, дүйнөлүк талаптарга жооп бере турган, деидеологизацияланган жана демократиялык негизде түзүлгөн улуттук билим берүү системасын жаратуу жана өнүктүрүү аракеттери менен түшүндүрүлөт. Бул багытта, эгемендүү Кыргызстандын өз алдынча жогорку кесиптик билим берүү системасын калыптандырыш үчүн 50дөн ашык укуктук-нормативдик документтерди кабыл алуу керек болсо, мектепке чейинки жана мектептеги жалпы билим берүү үчүн 30 ашык ушул өңдүү документтерди даярдап, ишке киргизүү керек болгон. Жалпысынан, Кыргызстандын өз алдынча билим берүү системасын калыптандыруу жана

аны реформалоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын, «XXI кылымдын кадрлары» (1995ж.), «Билим» аттуу Улуттук билим берүү программаларынын (1996ж.), Бир нечелеген Билим берүү Доктриналарынын, Билим берүү концепцияларынын, «Аракет» (1998ж.), «Аялзат» (1997ж.), «Жеткинчек» 1999ж.), «Айыл мектеби» (2003ж.), «Жаңы муун» (2001ж.), «Билим-баардыгы үчүн» (2002ж.) сыяктуу расмий документтердин негизинде ишке ашырылган. Акыркы жылдарда кабыл алынып, иштеп жаткан расмий документтерден 2012 -жылы март айында Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан бекитилген «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү Концепциясын» жана «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү 2012-2020-жылдарда өнүктүрүү стратегиясын» атоого болот.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Төрайым:** Кесиптештер изденүүчүгө суроонуздар болсо берсеңиздер болот.

**Абдухамидова Б.:** Жээнбек Сейталиевич, сиз диссертацияныэда кайсы жогорку окуу жайлардын экономикалык тарыхы боюнча изилдөө жүргүздүңүз?

**Абдиев Ж. С.:** изилдөө ишиниде ЖОЖдорду статусуна карай 3 топто бөлүп карадык: биринчи топто мамлекеттик ЖОЖдор. Экинчи топто мамлекеттик эмес окуу жайлар, ал эми үчүнчү топто Эл аралык жогорку окуу жайлар каралды.

**Жумалиева В. Б**.: Жээнбек Сейталиевич, изилдөө ишинин жүрүшүндө кайсы тарыхый булактарды пайдаландыңыз?

**Абдиев Ж. С.:** Изилдөө ишинин булактык базасы КР БМАнын № 869, № 2635, № 1734, № 2599, № 2566 фондорундагы; КР СД БМАнын № 2682, № 1560 фондорундагы; Ж. Баласагын ат КУУнун, И. Арабаев ат. КМУнун, ОшМУнун ж.б. ЖОЖдордун архивиндеги маалыматтар кеңири колдонулду.

**Жоошбекова А. Р.:** Изилдөө ишинин хронологиялык алкагын тактап берсеңиз? Жана эмне себептен ошол мезгилдерди алдыңыз?

**Абдиев Ж. С.:** диссертациянын хронологиялык алкагы катары Кыргызстандын эгемен доорундагы мезгили, тагыраак айтканда 1991-2020-жылдар белгиленди. Жана ушул мезгилдерге таандык республикадагы ЖОЖдордун экономикалык тарыхынын өсүү динамикасына тарыхый, салыштырмалуу анализ кылынды.

**Омурова Ж. О.:** Кыргызстандагы ЖОЖдор статусуна карай айырмаланат эмесби. Сиз, изилдөөңүздө ЖОЖдун статусуна карай айырмачылыктарды эске алуу менен карадыңызбы?

**Абдиев Ж. С.:** Ооба. Белгиленгенде изилдөө ишинде жогорку окуу жайларды үч топко: мамлекеттик, менчик жана Эл аралык статустары боюнча бөлүп, изилдөөгө алдык.

**Төрайым:** дагы суроонуздар барбы, жок болсо анда талкууга өтөбүз.

Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы" деп аталган 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясы боюнча талкууга өтсөк. Сөз профессор А. Р. Жоошбековага берилет.

**Жоошбекова А. Р.:** Урматтуу кесиптештер, диссертациянын темасынын актуалдуулугунда шек жок. Изденүүчү тарабынан бир катар жакшы жыйынтыктар чыгарылган. Бирок ошого карабастан айрым мүчүлүштүктөрүнө токтолсом:

1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугун тереңдетиш керек. Иштин мазмунунда бир катар олуттуу маселелер көтөрүлүп, анализ кылынганындыгына карабастан актуалдуулук жупуну жазылып калынган.

2. Архивдик материалдар боюнча ЖОЖдордун экономикалык тарыхынын өсүү динамикасын диаграмма, таблица түрүндө берсе жакшы болмок.

3. О.э. иште баардык изилдөө иштеринде кездешүүчү грамматикалык, стилистика кемчиликтерге жол берилген.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерге карабастан, Абдиев Ж. С. "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы" деген темадагы диссертациясы толук жазылып бүткөн илимий иш деп эсептейм. Диссертация мазмуну боюнча 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигине туура келет. Коргоого сунуш кылам.

**Төрайым:** Айнагүл Рысбаевна, рахмат. Сөз т.и.д., профессор Ж.О. Омуровага берилет.

**Омурова Ж. О.:** тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын тарыхый булактык базасы кенен. Бул жерде материалдарга анализ берилиши керек. Диссертациянын ичинде бар экен, ошолорду карап, топтоштуруу зарыл. Кандай социалдык пакеттер каралып, шарттар түзүлгөнүн көрсөтүү зарыл. Эгемендик жылдардагы жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхы боюнча маалыматтарды салыштырууда Болон процессинин тийгизген таасири канчалык экендигине анализ бере кетсеңиз ишиңиздин сапаты мындан дагы жогору болмокчу. Архивдик маалыматтар көп экен, алар тандалышы жана башка маалыматтар менен салыштырылышы зарыл. Бардык параграфтардын жыйынтыктары чыгарылышы керек. Диссертациянын корутундусунда, киришүү бөлүмүндө белгиленген милдеттер боюнча жыйынтыктардын дал келишин сактасаңыз. Азыркы Жободогу талаптардын бири ушул.

Ишти коргоого сунуш кылам.

**Төрайым:** Сөз т.и.к., доцент С.У. Асековага берилет.

**Асекова С.У.:** Жээнбек Сейталиев диссертациясында көрсөтүп жаткан проблеманын актуалдуулугу эч талаш жаратпайт. Изилдөө ишинин тарыхый булактык базасы кенен. Структуралык түзүлүшү илимий логикалык түрдө түзүлгөн. Ишти коргоого сунуш кылам. Ошол эле учурда бир катар сунуштарды дагы берип кеткім келет:

1. Изилдөөнүн актуалдуулугун так көрсөтүү керек.
2. Баптар боюнча чыгарылган жыйынтыктарды тереңдетүү зарыл.

3. Жогоруда белгиленгендей ЖОЖдордун экономикалык өнүгүүсүн критерийлер боюнча диаграмма, таблица кылып берсеңиз жакшы болмок, ишиңизди окуганда дагы бир кыйла жеңил, түшүнүктүү болот эле.

**Төрайым:** Сөз кафедранын ага окутуучусу В. Б. Жумалиевага берилет.

**Жумалиева В. Б.:** Жээнбек Сейталиевчтин диссертациялык ишин окуп чыктым. Тема актуалдуу. Жогоруда белгилешкендей тарыхый булактык базасы кеңири.

1. Корутундуда иштин түзүмү боюнча жыйынтыктар чыгарылышына дагы бир ирет көңүл буруп, карап чыгуу керек.

2. Диссертациядагы таблицаларды түзүүнүн, жайгаштыруунун, талдоонун тартибин да илимий стилге ылайыкташтырууну сунуштайм.

Жалпысынан алганда, Ж. С. Абдиевдин "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы" деген темадагы кандидаттык диссертациясын белгиленген сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштайм.

**Төрайым:** Сөз т.и.к., доцент Ж.К. Омуровага берилет.

**Омурова Ж. К.:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер. Буга чейин кесиптештер тарабынан айтылган сунуштарды туура кабыл алат деп ойлойм. Себеби бул сизге кийинки жолго, кийинки процесске чон пайда болот. Киришүүгө токтолсок обьектисин, предмет жана методологиясын кириш сөзгө көрсөтүүнүн зарылчылыгы жок деп эсептейм. Жогоруда айткандай объект менен предметин бир параграф кылып бөлүү туура эмес, ал методология менен бир бапта берилет, бул доктордук диссертациянын талабы, ал эми кандидаттык диссертацияга бул эреже талап кылынбайт. Мазмун, максатка ылайык милдеттер коюлушу шарт.

Иш жакшы, архивдик маалымат кенен. Диссертациялык ишти коргоого сунуштайм.

**Төрайым:** Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы - диссертациянын кол

жазмасын айтылган сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштоо болду. Ачык добушка коем. Жыйынга катышкандардын саны – 14. "Макул" – 14. Бир добуштан бекитилди.

И. Арабаев атындагы КМУнун М. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын Абдиев Ж. С. "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы" деген темадагы 07.00.02. - "Ата Мекен тарыхы" адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы боюнча

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу**

Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы" деген аталыштагы диссертациялык ишинин темасы кыргыз тарыхнаамасындагы актуалдуу проблемалардын бири. Коомдук турмуштагы социалдык экономикалык мамилелердин өзгөрүшү жогорку билим берүү системасында, андагы заманбап адистерди даярдоого болгон талапты күчөтүүдө.

**2. Автордун изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын алууга жекече катышуусу жана анын жаңылыгы.**

Эмгектеги илимий жыйынтыктар, жоболор жана корутундулар тажрыйбалык зор мааниге ээ. Эгемендүүлүктү алгандан кийин Кыргызстандын тарыхнаамасында өз алдынча билим берүү реформасынын тарыхына анализ берүү аракети көрүлдү. Диссертацияда алгачкылардан болуп изилдөө процессинин натыйжасында айрым архивдик материалдар илимий айлампага киргизилген, көйгөйлөр боюнча кээ бир жаңыча көз караштар сунушталган.

**3. Диссертацияда келтирилген илимий жоболордун, корутунду жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Диссертациялык иш, жыйынтыкталган илимий-изилдөө эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн обьекти, предмети жана ыкмалары коюлган максатка жана маселеге ылайык келет. Илимий эмгекте адабияттардын чоң көлөмү, архивдик материалдар колдонулган. Диссертациялык иш жогорку теоретикалык деңгээлде аткарылган.

**4. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий-практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн.

Кээ бир теориялык, практикалык корутундулар жана жоболор, автор тарабынан эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда, басылма түрүндө жарыяланган.

**5. Изилдөөнүн адистикке туура келиши.**

Диссертацияда каралган маселелер, изилдөө ишинин ыкмалары жана алынган жыйынтыктардын негизиндеги изилдөөнүн мазмуну 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигине туура келет.

**6. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, корутундулары төмөндөгү илимий макалада жарыяланган:**

Диссертациянын мазмуну, илилдөөнүн жыйынтыктары боюнча изденүүчүнүн 9 илимий макаласы Scopus, РИНЦ базасындагы басылмаларда жарык көргөн.

И. Арабаев атындагы КМУнун М. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын 2024-жылдын 6-июнунда өткөрүлгөн (протокол № 9) кеңейтилген отуруму

## ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:

1. Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы” деген темадагы 07.00.02. - “Ата Мекен тарыхы” адистиги боюнча тарых илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы коргоого сунуш кылынсын.

2. 07.00.02. - “Ата Мекен тарыхы” адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы” деген темадагы диссертациялык иши боюнча корутунду бекитилсин.

3. “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы” деген темадагы диссертациялык иш боюнча 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасы бекитилсин.

Отурумдун төрайымы,
Педагогикалык жана гуманитардык
билимдер кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент Абдалиева Г. К.

Катчы Жолдошалиева Н. А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ